**Ош мамлекеттик университетинин Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун 550200 "Физика-математикалык билим берүү" багытынын "Физика" адистигинин 4-курсунун ФЕ(б)-1-22 тайпасынын чогулушу**

3.11.2025

Ош шаары

Төрагасы: Курбаналиев М.

Катчы: Кубатбек кызы У.

Катышты: 18

**Күн тартиби:**

1. Кесиптик-профилдик практиканын отчёту жөнүндө

Баяндамачы: Курбанбаева Аятхан

**Угулду:** Практикага жооптуу, тайпанын старостасы Курбанбаева Аятхан практика мезгилиндеги сабактар жөнүндө айтып төмөндөгүлөргө токтолду. " Мен Ош шаарындагы №18 А.Навои мектеп-гимназиясында кесиптик-профилдик практиканы өтөө үчүн ушул окуу жылынын 22-сентябрдан 25-октябрына чейин болдум. Мага 11-а классты жетектөө менен катар 10-а жана 11-а класстарга физика предметинен сабак өтүү жүктөлдү. Сабак учурунда окуучулар сабакка активдүү катышып жатышты."

**Сүйлөштү:** Студент Сайфуло кызы Уулжан өзү бөлүнгөн мектеп жөнүндө төмөндөгүлөргө токтолду. "Класста окуучулардын саны 30дан ашык болгондугуна байланыштуу ыңгайсыздыктар көп жаралды. Тема түшүндүрүүдө, тапшырма текшерүүдө убакытты көп талап кылып жатты.Ар бир окуучу менен жекече иштешүүгө убакыт өтө тар болду. 7-класстын окуучуларына физика китеби жетишсиз. Ушул себептүү маселе иштөөдө көп кыйынчылыктар туулду.

**Токтом кылынды:** Кесиптик–профилдик практиканын жыйынтыгында студент-практиканттардын сунуш-пикирлерин эске алып окуу программасына олимпиадалык мүнөздөөчү маселелерди чыгаруу боюнча элективдик курсту киргизүү факультеттин жетекчилигине сунушталсын.

Ар бир студент-практикант 1 сабактын иштелмесин, 1 тарбиялык сааттын иштелмесин жана күндөлүктөрүн практика жетекчисине 10 күндүн ичинде тапшырсын.

Төрага: Курбаналиев М.Б.

Катчы: Кубатбек кызы У.